# Көчмөндөр ыры

Токтобек Асаналиев

**Сөзү: Жума Мамбетов**

**Обону: Бакыт Капаров**

**Азиянын талаалары дүңгүрөп,**

**Ат чабыштан аалам дагы сүрдөгөн.**

**Балбан күрөш, эр оодарыш, көк бөрү,**

**Айгайынан жансызга да жан кирет.**

**Кең Ала-Тоо турагым,**

**Кылымдарга турарым.**

**Жеңиштерге чакырат,**

**Манас, Манас, Манастаган урааның.**

**Шумкарларын мүнүшкөрлөр камдасын,**

**Тулпарларын саяпкерлер таптасын.**

**Ордо атып, бүркүт салып, күлүк чаап,**

**Ар бириңде ата салты жашасын.**

**Кең Ала-Тоо турагым,**

**Кылымдарга турарым.**

**Жеңиштерге чакырат,**

**Манас , Манас, Манастаган ураның.**

**Кылым кескен толук элдин толкуну,**

**Көркко келди Ала-Тоонун коюну.**

**Бүт дүйнөгө даңазалап кыргызды,**

**Жашай берсин көчмөндөрдүн оюну.**

**Кең Ала-Тоо турагым,**

**Кылымдарга турарым.**

**Жеңиштерге чакырат,**

**Манас, Манас, Манастаган урааның.**